# ЗОМБУЛУККА КАБЫЛГАН АЯЛДАР ЖАНА БАЛДАР ҮЧҮН СОТ АДИЛЕТТИГИ ЖАНА УКУК ТАРТИБИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ БАЗАЛЫК КЫЗМАТТАРДЫ КӨРСӨТҮҮ БОЮНЧА СТАНДАРТТЫК ОПЕРАЦИОНДУК ПРОЦЕДУРАЛАР

Кыргыз Республикасынын ИИОнун
ыйгарым укуктуу оперкызматкерлери
үчүн практикалык окуу куралы



Бишкек 2022

# Зомбулукка кабылган аялдар жана балдар үчүн сот адилеттиги жана укук тартиби чөйрөсүндөгү базалык кызматтарды көрсөтүү боюнча стандарттык операциондук процедуралар

Кыргыз Республикасынын ИИОнун
ыйгарым укуктуу оперкызматкерлери
үчүн практикалык окуу куралы

Бишкек 2022

УДК 343

ББК 67.410.2

З - 827

Кыргыз Республикасынын ИИОнун ыйгарым укуктуу оперкызматкерлери үчүн практикалык окуу куралы. Зомбулукка кабылган аялдар жана кыздар үчүн сот адилеттиги жана укук тартибин сактоо чөйрөсүндөгү базалык кызматтарды көрсөтүү боюнча стандарттык операциондук процедуралар. – Б.: 2022. – 32 бет.

ISBN 978-9967-481-59-6

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2021-жылдын 10-ноябрдагы №802 Буйругунун негизинде иш тажрыйбасында колдонуу үчүн сунуш кылынды.

Бул окуу куралы Аялдарга жана балдарга карата зомбулук окуялары менен иштеген ыйгарым укуктуу оперкызматкери үчүн жардамчы материал катары иштелип чыкты. Окуу куралы адам укуктарынын эң жогорку стандарттарын сактоо менен, аялдар жана балдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана зомбулукка жооп катары комплекстүү жооп берүү чараларын кабыл алуу максатында эл аралык деңгээлде иштелип чыккан сот адилеттиги жана укук тартибин сактоо чөйрөсүндөгү базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтомунун стандарттарын камтыйт. Окуу куралынын атайын бөлүмдөрү зомбулуктун көптөгөн жана кайчылаш формаларына кабылган аялдар жана балдар менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрүнө арналган. Окуу куралы кризистик борборлордун өкүлдөрүнө, юридикалык окуу жайлардын студенттерине, ошондой эле жабыр тарткан адамдарга укук коргоо кызматтарын көрсөтүүгө кызыкдар окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

Окуу куралы сатыкка чыгарылбайт, акысыз таратылат, тиешелүү шилтемелерди келтирүү менен колдонулушу мүмкүн.

Бул окуу куралы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, БУУнун жана Европа биримдигинин «Теңдик нуру» биргелешкен демилгесинин алкагында «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» КФ колдоо көрсөтүүсү астында даярдалды.

Инициатива «Луч света»

Центр исследования демократических процессов

UNODC Управление Организации Объединенных Наций по наркотикам и преступности Программный офис в Кыргызской Республике

ISBN 978-9967-481-59-6

УДК 343

ББК 67.410.2

## Окуу куралын даярдоо боюнча жумушчу топтун курамы

| | |
|---|---|
| **ЖУМУШЧУ ТОПТУН ЖЕТЕКЧИСИ** | |
| Исакова Э. А. | КРнын ИИМнин укуктук камсыздоо жана эл аралык кызматташтык башкармалыгынын начальнигинин орун басары, милициянын полковниги |
| **ЖООПТУУ АТКАРУУЧУЛАР** | |
| Джумабаев М. Дж. | КРнын ИИМнин Кылмыш иликтөө башкы башкармалыгынын Биринчи башкармалыгынын начальниги, милициянын полковниги |
| Алиева Г. М. | Гендердик эксперт, милициянын өргүүдөгү полковниги, ф. и. д. |
| Илибезова Л. К. | «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» КФ Башкаруучулар кеңешинин төрайымы |
| Карпович Е. И. | «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» КФ Программалык аналитик |
| Ткачева Е. А. | «Шанс-КБ» зомбулукка кабылган аялдар үчүн кризистик борбору КБ директору |
| **ЖУМУШЧУ ТОПТУН МҮЧӨЛӨРҮ** | |
| Кадыркулов К. К. | КРнын ИИМнин Республикалык окуу борборунун начальниги, милициянын полковниги |
| Макилов С. Б. | КРнын ИИМнин Тергөө кызматы бөлүмүнүн начальниги, милициянын подполковниги |

## КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

**ИИМ** — Ички иштер министрлиги
**ИИО** — Ички иштер органдары
**БУУ** — Бириккен Улуттар Уюму
**ЫИИ** — Ыкчам-издөө ишмердүүлүгү
**КФ** — Коомдук фонд
**ЖК** — Жазык кодекси
**ЖПК** — Жазык-процесстик кодекси

# МАЗМУНУ


**Киришүү ........ 5**

**1. Аялдарга карата гендердик зомбулуктун алдын алуунун жана чара көрүүнүн укуктук негиздери ........ 6**

Конституциялык ченемдер ........ 6

Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча эл аралык милдеттенмелери жана мыйзамдары ........ 6

**2. Гендердик зомбулукка кабылган аялдарга укук тартиби жана сот адилеттиги чөйрөсүндөгү базалык кызматтарды көрсөтүү боюнча стандарттык операциондук процедуралар ........ 11**

2.1 Базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн аныктамасы ........ 11

2.2 Зомбулукка кабылган аялдарга жана балдарга базалык кызматтарды көрсөтүүнүн универсалдуу ыкмалары ........ 12

2.3 ИИОнун ыйгарым укуктуу оперкызматкерлеринин ишмердүүлүктөрү менен тыгыз байланыштуу стандарттар ........ 13

2.4 Стандарттык операциондук процедуралар сотко чейинки өндүрүш процессинде жана сотто кароо стадиясында ........ 19

2.5 Гендердик зомбулукка кабылган балдарга базалык кызматтарды көрсөтүү боюнча стандарттык операциондук процедуралардын өзгөчөлүктөрү ........ 21

2.6 Басмырлоонун көптөгөн формаларына кабылган аялдарды жана балдарды суракка алуунун өзгөчөлүктөрү ........ 22

**Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси ........ 29**

**Тиркеме. Аялдар жана балдар үчүн кризистик борборлордун даректери жана байланышуу түйүндөрү ........ 30**

# Киришүү

Практикалык окуу куралы гендердик зомбулукка кабылган аялдарга укук тартибин жана сот адилеттигин сактоо чөйрөсүндөгү базалык кызматтарды көрсөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын стандарттык операциондук процедураларын ички иштер органдарынын (мындан ары — ИИО) ыйгарым укуктуу оперкызматкерлери өздөштүрүүлөрү жана колдонуулары үчүн арналган.

Жабыр тарткан адамдар менен иштөөдө стандарттарды колдонуу ИИОнун төмөнкү багыттар боюнча ишмердүүлүктөрүнүн жакшыруусуна жол ачат:

- аялдарга жана балдарга карата зомбулуктун алдын алуунун жана ага чара көрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга;
- зомбулукка кабылган аялдар жана балдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга;
- гендердик зомбулукка кабылган аялдардын жана балдардын укуктарын, коопсуздуктарын, конфиденциалдуулугун жана маалыматтык макулдукту, ошондой эле өзгөчө керектөөлөрүн жана муктаждыктарын камсыз кылууга;
- аялдарга жана балдарга карата гендердик зомбулукка байланыштуу укук бузуулар жана кылмыштар үчүн жазадан кутулбастыкты, ошондой эле аларга келтирилген зыянды калыбына келтирүүнү;
- зомбулукка кабылган аялдар жана балдар үчүн зарыл болгон базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрлөрүн көрсөтүүдө өз ара аракеттенишүүнү жана координациялоону бекемдөөнү;
- ИИОнун ыйгарым укуктуу оперкызматкерлеринин кесипкөйлүк квалификациясынын жана компетенттүүлүгүнүн потенциалдарын жогорулатууга.

ИИОнун кызматкеринин аялдарга жана балдарга карата зомбулукка чара көрүүсү укук тартибин сактоо жана сот адилеттиги чөйрөсүндөгү жоопкерчилигинин ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат, себеби алар көпчүлүк учурда бул процесске биринчилерден болуп кошулушат, бул болсо сот адилеттигинин кийинки этаптарына олуттуу таасирин тийгизет.

ИИОнун кызматкерлери тарабынан көрүлгөн тиешелүү чаралардын сапатынан жана ал чаралардын өз мезгилинде көрүлүүсүнөн калктын ички иштер органдарына карата ишеними көз каранды. Ар бир кызматкер өзүнүн кызматтык милдетине жана берген антына канчалык берилгендигинен, өзүнүн билиминин, көндүмдөрүнүн жана жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээлин жогорулатуунун үстүнөн, анын ичинде бул окуу куралындагы теманын үстүнөн дагы канчалык тырышып иштей тургандыгынан анын кесипкөйлүгү жана компетенттүүлүгү көз каранды.

# 1. Аялдарга карата гендердик зомбулуктун алдын алуунун жана чара көрүүнүн укуктук негиздери

## Конституциялык ченемдер

Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамы жогорку юридикалык күчкө ээ Конституция болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында Конституцияга[1] ылайык «Ар бир адам ажыратылгыс жашоо укугуна ээ. Адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна кол салууга жол берилбейт[2]. Эч кимдин өмүрү өзүм билемдик менен кыйылышы мүмкүн эмес.

«Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде жана өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат.

Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес.

Басмырлоого жол берген адамдар мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартат»[3].

Конституциялык ченемдерди ишке ашыруунун конкреттүү механизмдери ченемдик-укуктук актылардын тармактуу системасында, мисалы конституциялык мыйзамдарда, кодекстерде, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарында, Жогорку Кеңешинин жана Министрлер кабинетинин токтомдорунда камтылган[4].

## Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча эл аралык милдеттенмелери жана мыйзамдары

Аялдарга карата гендердик зомбулуктун алдын алуунун жана чара көрүүнүн укуктук негиздерине Кыргыз Республикасы тарабынан кол коюлган жана ратификацияланган конвенцияларга, тактап айтканда БУУнун «Аялдарга карата басмырлоонун

[1] Кыргыз Республикасынын Конституциясы (мындан ары – Конституция), 2021-жылдын 5-майында күчүнө кирген. Бул шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112213?cl=ru-ru

[2] Конституциянын 25-беренесинен үзүндүлөр.

[3] Конституциянын 24-беренесинен үзүндүлөр.

[4] КРнын «Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамы, 20-июль, 2009-жыл, №241. Бул шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202591

бардык формаларын жоюу жөнүндө» Конвенцияга жана «Балдардын укуктары жөнүндө» Конвенцияга ылайык келип чыккан эл аралык милдеттенмелери кирет.

**Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция**[5] (АБЖК) мамлекеттердин чара көрүүлөрү үчүн милдеттүү күчкө ээ документ, максаты жашоонун бардык чөйрөлөрүндө: саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же башка бардык чөйрөлөрдө аялдарга жана кыздарга карата басмырлоону токтотуу.

АБЖК ылайык катышуучу-мамлекеттер гендердик зомбулукка шарт түзгөн жана гендердик тең укуксуздукту бекемдеген гендердик стереотиптердин тамырын кыркуу (кыскартуу) милдеттемесин өз мойнуна алат. Мамлекеттер зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарын сунуш кылуулары керек.



### Гендердик зомбулук деген эмне?

БУУнун АБЖК[6] боюнча комитети мындай аныктама берет: «Гендердик зомбулук жыныстык айырмачылыктын негизинде жеке адамга каршы багытталган зомбулук болуп саналат» жана дене бойлук, психикалык же сексуалдык зыяндарга, азаптанууларга алып келген аракеттер, мындай аракеттерди жасоо коркунучу, мажбурлоо же башка жолдор менен эркиндигин чектөө.

Гендердик зомбулуктан аялдар дагы, эркектер дагы жана балдар дагы жабыр тартуулары мүмкүн болгону менен, БУУнун АБЖК боюнча Комитети окуялардын дээрлик көпчүлүк учурунда зомбулуктан негизги жабыр тарткандар аялдар жана кыздар болушууда деп түшүндүрөт. Буга ылайык, аялдарга карата гендердик зомбулук — бул ал дал ушул аял болгондугу үчүн кабылып жаткан зомбулук.

**Баланын укуктары жөнүндө конвенция**[7] баланын кызыкчылыктарын ишке ашырууга жетишүү үчүн Конвенциянын катышуучу-мамлекеттеринин милдеттүү аракеттерин караштырат. Катышуучу-мамлекеттер баланын, анын ата-энесинин, камкорчуларынын, же болбосо мыйзам боюнча ал үчүн жоопкерчиликтүү башка адамдардын укуктарын жана милдеттерин көңүлгө алуу менен баланын жыргалчылыгы үчүн зарыл коргоо менен камсыз кылууга милдеттенишет, ушул максатта бардык тиешелүү мыйзамдык жана административдик чараларды көрүшөт. Бул чаралар баланы дене бойлук же психологиялык зомбулуктун бардык формаларынан, анын ичинде ата-энелери, мыйзамдуу камкорчулары же баланы камкордукка алган ар бир адам

5 Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция , БУУнун Башкы ассамблеясы тарабынан 1979-жылы кабыл алынган. Кийинки шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/cedaw.shtml

6 АБЖК карата №19 Жалпы сунуштама. Кийинки шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://old.nasiliu.net/wp-content/uploads/2017/09/CEDAW-Rekomendatsii-perevod.pdf

7 БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган Баланын укуктары жөнүндө Конвенция, 1989-жыл. Бул шилтеме боюнча жеткиликтүү https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/childcon.shtml

тарабынан шылдыңдоодон жана кыянатчылык жасоодон, камкордуктун жоктугунан же этибарсыз мамилелерден, орой мамилелерден же эксплуатациялоолордон, сексуалдык жактан кыянаттык менен пайдалануулардан коргоо максатында кабыл алынат.

Үй-бүлөдө аялдарга жана балдарга карата зомбулук менен байланыштуу укук бузууларды, кылмыштардын алдын алуунун жана чара көрүүнүн мыйзамдуу негиздери тууралуу жалпы көз карашка ээ болуу үчүн бул окуу куралында «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамдын негизги жоболору кыскача келтирилген. Муну менен катар эле, аялдарга жана балдарга карата зомбулук үчүн жоопкерчиликти жөнгө салуучу ченемдерди камтыган башка мыйзам актыларын дагы көңүлгө алуу керек.

**Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы**[8] (мындан ары — Мыйзам) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана токтотуунун, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды социалдык-укуктук коргоо жана сактоо менен камсыз кылуунун укуктук негиздерин аныктайт.

Мыйзамга ылайык, «үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси» (1-берене). Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттерден алардын компетенцияларынын чектеринде үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоонун укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жана башка жардамдарын алуу укугуна ээ болот (5-берене).

Мыйзам үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча 17 мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын жана башка органдардын ишмердүүлүктөрүн эки багытта караштырат: (1) алдын алуу жана (2) үй-бүлөлүк зомбулук окуяларына бөгөт коюу. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу (эскертүү) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча бардык субьектилердин өз компетенцияларынын чектеринде ишке ашырылат.

Үй-бүлөлүк зомбулук окуяларына бөгөт коюу үчүн мыйзам тарабынан кийинки чаралар сунуш кылынат:

үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын жана үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн же аларга теңештирилген адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна коркунучтарды четтетүү боюнча токтоосуз чараларды көрүү;

[8] КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы (мындан ары - Мыйзам) 27.04.2017-ж. №63. Бул шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111570

| | |
|---|---|
| | үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарды жазыктык-процесстик мыйзамдарга ылайык кармоо; |
| | убактылуу коргоо ордерин берүү жана узартуу; |
| | үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды жазыктык жоопкерчиликке тартуу; |
| | өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келген, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды анын макулдугу менен токтоосуз түрдө коопсуз жерге же болбосо баш калкалоо жайына жайгаштыруу. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды коопсуз жайга токтоосуз жайгаштырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана социалдык өнүктүрүү органдары ички иштер органдарына көмөк көрсөтүүгө милдеттүү. |

Убактылуу коргоо ордери караштырат:

1) үй-бүлөлүк зомбулук жасоого тыюу салуу;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен түздөн-түз жана кыйыр катташууларга тыюу салуу.

Ордер ошондой эле жабыр тарткан адамдын кийинкидей укуктарга ээ экендиги тууралуу маалыматты камтыйт: бирге жашаган жерден убактылуу чыгарып салуу, ата-энелик укуктарды чектөө, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды аракетке жөндөмдүүлүгү чектелүү деп таануу талаптары менен сотко кайрылуу, ошондой эле убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбагандыгы үчүн үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын жоопкерчилиги тууралуу маалыматты.

Убактылуу коргоо ордерин узарткан учурда, жогоруда саналып өткөн шарттардан сырткары, ага Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген типтүү оңдоп-түзөө программасына ылайык зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын оңдоп-түзөө программасынан өтүү шарты кошулат (28, 32-беренелер).

**Кыргыз Республикасынын «Ыкчам-издөө ишмердүүлүгү жөнүндө» Мыйзамы**[9] (мындан ары — ЫИИ жөнүндө Мыйзамы) ыкчам-издөө ишмердүүлүгү мыйзамдуулуктун, жеке адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоого, конспирацияга, белгилүү жана белгилүү эмес усулдардын айкалышуусуна негизделет, ошондой эле ыкчам-издөө иш-чараларын жүргүзүүдө ыкчам-издөө ишмердүүлүгүн ишке ашырган органдар милдеттүү:

9 1998-жылдын 16-октябры, №131.

— адамдын жана жарандын жеке жашоосунун кол тийбестиги, кат алышуунун, телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдүн купуялыгы, турак-жайдын, почталык, телеграфтык, электрондук жана башка билдирүүлөрдүн кол тийбестиги укуктарынын сакталуусун камсыз кылуу;

— адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин, жеке менчигин коргоо боюнча, ошондой эле коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде бардык зарыл чараларды көрүү;

— күбөлөргө, жабыр тарткан адамдарга жана соттун (судьянын), кылмыш же кылмыш иши тууралуу арыз (билдирүү) өндүрүштө болгон учурда прокурордун, алгачкы текшерүү органынын жетекчисинин же тергөөчүнүн чечимине ылайык кылмыш сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларына карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коопсуздук чараларын ишке ашыруу.

# 2. Гендердик зомбулукка кабылган аялдарга укук тартиби жана сот адилеттиги чөйрөсүндөгү базалык кызматтарды көрсөтүү боюнча стандарттык операциондук процедуралар

## 2.1. Базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн аныктамасы

Базалык кызмат көрсөтүүлөр — бул гендердик зомбулукка кабылган аялдарга көрсөтүлүүчү кызматтардын комплекси. Булар базалык деп аталат, себеби адамдын кийинкидей фундаменталдык укуктарын камсыз кылууга багытталган:

| | |
|---|---|
|  | адамдын ден соолугун жана өмүрүн коргоо, |
|  | коопсуздук, |
|  | басмырлабоо, |
|  | керектөөлөрүн жана муктаждыктарын эске алуу менен жардам жана колдоо көрсөтүү, |
|  | сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, тактап айтканда укуктук жардам жана коргоо көрсөтүү боюнча, ошондой эле зомбулуктун айыпкерлерин аныктоо жана жоопкерчиликке тартуу боюнча кечиктирилгис ыкчам чараларды көрүү. |

Белгилей кетчү маанилүү нерсе, гендердик зомбулукту башынан өткөргөн аялдардын адатта бир эле учурда бир нече жана ар кандай керектөөлөрү жана муктаждыктары пайда болорун эске алуу менен, аларды ар түрдүү чөйрөлөргө тиешелүү базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн толук комплекси менен камсыз кылуу керек: саламаттыкты сактоо, социалдык чөйрө, укук тартибин жана сот адилеттигин сактоо. Ошондуктан, бул бардык чөйрөлөрдүн ортосунда координациялоо жана өз ара аракеттенишүү жолго коюулушу керек.

**Стандарттык операциондук процедуралар деген эмне?**

Базалык кызматтарды көрсөтүүдө стандарттык операциондук процедураларды сактоо маанилүү (мындан ары — стандарттар), бул стандарттарды сактоо аркылуу

гендердик зомбулукка кабылган аялдарга кызмат көрсөтүүнүн универсалдуу ыкмаларын эң мыкты деңгээлде сактоого болот.

ИИО гендердик зомбулукту башынан өткөргөн адамдар эң биринчи байланыша турган укук коргоо органы болгондуктан, кызматкерлердин чара көрүүсүнүн сапаты гендердик зомбулукка кабылган адамдардын алар укук тартибин жана сот адилеттигин сактоо чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланабы же жокпу чечим кабыл алуусу үчүн чечүүчү фактор болуп эсептелет. Стандарттык операциондук процедураларды сактоо жагымдуу шарттар менен камсыз кылат жана гендердик зомбулукка кабылган адамдарга жардам/кызматтарды көрсөткөн ИИОнун кызматкерлеринин аракеттерине ишенимди калыптандырат.

## 2.2. Зомбулукка кабылган аялдарга жана балдарга базалык кызматтарды көрсөтүүнүн универсалдуу ыкмалары

Универсалдуу ыкмалар камтыйт:

**Гендердик зомбулукка кабылган аялдардын укуктарына багытталган ыкма**, адам укуктарын сыйлаган, алардын коопсуздуктарын камсыз кылган, аларга урмат-сый менен мамиле кылган жана алардын жеке өздүк кадыр-баркын сактоо сезимин сактаган жагымдуу шарттарды түзүү болуп саналат. Бул ыкма төмөнкү жетектөөчү принциптерге негизделет:

| |
|---|
| коопсуздук: биринчи кезекте аларды коопсуздук жана коргоо менен камсыз кылуу зарыл; |
| конфиденциалдуулук: гендердик зомбулукка кабылган аялдар тандоо укугуна ээ болуулары керек, алар өзүнүн окуясын кимге айта тургандыгын тандоо укугуна ээ болуусу зарыл, алар тууралуу маалыматтарды алмашуу бир гана алардын маалыматтык макулдугунун негизинде ишке ашырылат; |
| сыйлоо: баарынан мурун алар кабылган зомбулуктан улам тарткан азаптарды, зыяндарды калыбына келтирүү жана зарыл жардамды көрсөтүү максатындагы кандай гана аракеттер болбосун алардын тандоосун, каалоосун, укуктарын жана кадыр-баркын сыйлоону жетекчиликке алуусу керек; |
| басмырлоонун жоктугу: гендердик зомбулукка кабылган аялдар алардын жаш курагынан, жынысынан, дининен, улутунан, этникалык келип чыгуусунан, ден соолугунун абалынан жана башка бардык өзгөчөлүктөрүнөн көз карандысыз түрдө тең укуктуу жана адилеттүү мамилеге ээ болуулары зарыл. |

**«Зыян келтирбе» ыкмасы:** кызмат көрсөткөн органдар гендердик зомбулукка кабылган аялдарга кошумча зыяндарды келтирүүдөн алыс болуу (экинчи басмырлоодон максатында бардык зарыл чараларды көрүлүүсү зарыл.

Экинчи же кайталанма басмырлоо — бул аялдар жана балдар жардам сурап кайрылган адистердин орунсуз жүрүм-турумдары же көз караштары, ошондой эле алардын зомбулуктун жыйынтыгындагы биринчи азаптануууларын оорлоткон башка аракеттер. Мисалы, бул болуп өткөн зомбулукка аялдын өзүн айыптоо.

**Маанилүү! дал ушул экинчи басмырлоо көп учурда ким жардам көрсөтүүгө милдеттүү болсо, ошого ишенимдин жоголуусунун жана андан ары жардамдан баш тартуусунун себептеринин бири болуп саналат.**

**Маданий өзгөчөлүктөрдү сактоого негизделген ыкма:** гендердик зомбулукка кабылган аялдар менен иштөөдө алардын аймактык, этникалык, диний, тилдик тиешелүүлүктөрүн жана маданий мүнөздөгү башка факторлорун билүү жана эске алуу зарыл.

## 2.3. ИИОнун ыйгарым укуктуу оперкызматкерлеринин ишмердүүлүктөрү менен тыгыз байланыштуу стандарттар

Универсалдуу, тактап айтканда зомбулукка кабылган аялдарга жана балдарга кызматтарды көрсөтүүнүн бардык чөйрөлөр үчүн жалпы ыкмаларын жана принциптерин карап чыккан соң, эми укук тартибин жана сот адилеттигин сактоо чөйрөсүндөгү стандарттык операциондук процедураларды өздөштүрүүгө өтөбүз.

Укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу аялдарга жана балдарга карата зомбулукка каршы багытталган тиешелүү мыйзамдардын милдеттүү түрдө иштөөсү үчүн, аялдарды жана балдарды зомбулуктан коргоо үчүн, анын ичинде андан ары зомбулукту токтотуу үчүн, айыпкерлерди жоопкерчиликке тартуу үчүн жана бул аркылуу сот адилеттигин камсыз кылуу үчүн чечүүчү мааниге ээ.

Укук тартибин сактоо жана сот адилеттиги чөйрөсүндөгү базалык кызмат көрсөтүүлөр зомбулукка кабылган аялдардын жана балдардын укук коргоо органдары жана сот адилеттиги системасы менен — биринчи байланышуудан же тактап айтканда арыз берген учурдан баштап, тиешелүү соттук чечимдерди кабыл алганга чейинки өз ара аракеттенишүүсүнүн бардык аспектилерин камтышат.

Ыйгарым укуктуу оперкызматкер ишмердүүлүк процессинде гендердик зомбулукка кабылган аялдар менен өз ара аракеттенишүүсү зарыл болгон кырдаалга туш болот.

Аялдарга карата зомбулук фактыларын аныктаган учурда ыйгарым укуктуу оперкызматкер рапорт түзөт жана аны андан ары кылмыш иши боюнча сотко чейинки өндүрүштү баштоо үчүн Кылмыштардын бирдиктүү реестрине каттайт.

### Суракка алууну кантип жүргүзүү керек?

ЫИИ (ыкчам-издөө ишмердүүлүгү) тууралуу Мыйзамга ылайык, жарандарды суракка алуу – бул иш жүзүндө иликтенип жаткан окуя, же ага катыштыгы бар жарандар тууралуу чындыкка дал келген көрсөткүчтөрдү билүүсү мүмкүн болгон адам менен ыкчам кызматкердин жеке баарлашуусу. Иш боюнча жагдайларды аныктоо үчүн ыкчам-издөө ишмердүүлүгүнүн усулдарынын бири зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды суракка алуу болуп эсептелет.

Жабыр тарткан аялдарды жана балдарды кайрадан виктимизациялоо коркунучу жогору экендигин эске алганда, жабыр тарткан адамдарды болжолдуу түрдө зомбулук жасаган адамдардын катышуусунда суракка алууга тыюу салынат же болбосо жабыр тарткан адамдар менен сүйлөшүү аларга (зомбулук жасады деп шектелип жаткандарга) угулуп турган шартта суракка алууга тыюу салынат.

Гендердик зомбулукка кабылган аялды суракка алууну жүргүзүүдө маанилүү:

— үй-бүлө мүчөлөрүнүн, досторунун же балдардын катышуусунда зомбулук тууралуу суроо бергенден алыс болуу;

— басмырлоого жол бербөө, ал кабылган зомбулук фактысына боорукердик жана сезимталдык менен, сыйлап, сылык мамиле кылуу;

— чыдамкайлуулукту көрсөтүү жана ал болгон окуя тууралуу өз сөздөрү менен айтып берүүсү үчүн убакыт берүү, ал үчүн жоопторду алдын ала айтпоо, даярдабоо;

— аял үчүн түшүнүктүү тилде сүйлөө, аны адаштыра турган кесиптик сөздөрдү колдонбоо;

— анын сөзүн бөлбөө, токтотуп салбоо жана аял баарын айтып берип бүткөндөн кийин гана тактоо үчүн суроолорду берүү;

— кунт коюп угуу;

— ар бир адамдын эмоциясы, анын ичинде зомбулукка кабылган адам эмоциясын ар түрдүүчө билдирерин эстен чыгарбаңыз, жабыр тарткан адамдын тынчсызданууларын кунт коюп угуңуз, көңүл буруңуз жана анын башынан өткөрүп жаткан сезимдерин сиз түшүнүп жаткандыгыңызга ишендириңиз;

— эгерде аял фактыларды эстей албай кыйналып жатса, жинденип жактырбай жатканыңызды билдирбеңиз, айтпаңыз;

— жаракаттардын, тынчсыздануу же стресстин белгилерине көңүл буруңуз жана зарылчылык пайда болсо аларды төмөндөтүү үчүн чараларды көрүңүз.

Эгерде ыйгарым укуктуу оперкызматкер кызматтык ишмердүүлүгүн ишке ашыруу процессинде гендердик зомбулукту башынан өткөргөн аял менен байланышып иш алып барса, ал баарынан мурун анын коопсуздугун камсыз кылуусу зарыл. Муну үчүн тобокелчиликтерди (коркунучтарды) баалоо жана аны менен чогуу анык коопсуздук планын талкуулоо керек.

**Сырткы тинтүү жүргүзүүдө ырайымсыз мамиле кылуу жана басмырлоо тобокелчилиги фактыларына жол бербөө.**

Сырткы тинтүү жүргүзгөндөн кийин ыйгарым укуктуу оперкызматкер ден соолукка келтирилген тобокелчиликтерди (коркунучтарды) баалоосу керек, зарылчылыкка жараша кечиктирилгис ыкчам медициналык же башка жардам көрсөтүү үчүн чара көрүүсү зарыл.

**Коопсуздукту жана тобокелчиликтерди (коркунучтарды) кантип баалоо керек?**

Эгер суракка алуу процессинде аялдын коопсуздугу үчүн анык бир коркунучтар бар экендиги аныкталса, аны менен конкреттүү коопсуздук планын талкуулаңыз, мисалы сунуш кылыңыз:

— батирден (үйдөн) тезинен чыгып кетүү зарылчылыгы пайда болгон учурда негизги документтерди, кийимдерди, анча чоң эмес суммадагы акчаны кошуналардыкына/ туугандардыкына/ достордукуна даярдоо жана калтырып коюуну;

— коркунуч пайда болгон учурда ыкчам түрдө жардам сурап кайрылуу үчүн чара көрүүнү;

— жакын жерде жайгашкан күнү-түнү иштеген жаракат пунктунун, милиция бөлүмүнүн, кризистик борбордун, баш калкалоочу жайдын даректерин жана телефондорун жазып коюуну;

— коркунучтун деңгээли жогору болгон учурда аял менен аны ыкчам түрдө убактылуу коопсуз жайга жайгаштыруу зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн талкуулаңыз (кризистик борбор/баш калкалоочу жай, туугандардын же достордун батири, башка коопсуз жай).

**Эмне тууралуу маалымат берүү зарыл?**

Гендердик зомбулукка кабылган аял жардамдын ар кандай түрлөрүнө муктаж болуусу мүмкүн болгондуктан (медициналык, психологиялык, социалдык ж.б.), стандарттык операциондук процедуралар ага зарыл жардам алуу мүмкүнчүлүгү бар экендиги тууралуу маалымат берүү дегенди түшүндүрөт, ошондуктан мекемелердин тизмесин жана байланышуу түйүндөрүн билүү зарыл (мисалы, кризистик борборлордун/баш калкалоочу жайлардын) жана тиешелүү дарекке кайра багыттоону ишке ашыруу керек.

**Кайра багыттоо деген эмне?**

Кайра багыттоо системасы — бул саламаттыкты сактоо, социалдык чөйрөлөрүнүн, укук тартибин сактоо жана сот адилеттиги чөйрөлөрүнүн, ошондой эле зомбулукка кабылган аялдарга жардам жана колдоо көрсөткөн кызыкдар мамлекеттик эмес уюмдардын ортосундагы өз ара аракеттенишүүнүн жана кординациялоонун жолго коюлуусу. Өз ара аракеттенишүү жана координациялоо кайра багыттоо үчүн бардык аты аталган тараптардын ортосунда зарыл байланыштар жолго коюлган жана ИИОнун кызматкери зомбулукка кабылган аялга бере турган тиешелүү маалыматтар, байланышуу түйүндөрү чогултулган дегенди түшүндүрөт.

**Маанилүү! Милдеттүү тартипте — зордуктоо окуясында — аялга байланышуудан кийинки алгачкы 72 сааттын ичинде ВИЧ-инфекциясынын жугуп калуусунун алдын алуу үчүн алдын алуучу текшерүүдөн өтүү мүмкүнчүлүгү жана зарылчылыгы бар экендиги тууралуу маалымат берүү зарыл.**

Эгерде дене бойлук же сексуалдык зомбулуктун белгилери ачык көрүнүп турса, медициналык текшерүү жүргүзүлөрүнө жана медициналык жардам көрсөтүүлөрүнө ишенүү зарыл.

Ошондой эле, кайсы кайра багыттоо пайдалуу болорун баалоо зарыл, аны ишке ашыруу үчүн маалыматтык макулдук алуу керек.

Кызмат көрсөтө турган башка органдарга кайсы маалымат берилет, ал эми кайсы маалымат учурдагы укуктук жөнгө салуунун негизинде конфиденциалдуу сакталары тууралуу милдеттүү түрдө билдирүү зарыл.

**Зомбулукка кабылган аялдар жана балдар менен өз ара аракеттенишүүнүн зарыл экендигинин өзгөчөлүктөрү**

Кол салган учурда аял же бала сөзсүз түрдө активдүү каршылык көрсөтүүлөрү — тиштеп, тытып алуулары керек, кыйкырыулары же качып кетүүгө аракет кылуулары зарыл деген жаңылыш көз караш кеңири жайылган. Чындыгында алар катып калуу[10], абалына кабылышат, кыйкыра алышпайт жана каршылык көрсөткөнгө аракет кылышпайт. Дене бой кыймылсыз жана эч нерсени сезбей калган мындай абал «тоңуп калуу инстинкти» деп аталат.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөргө ылайык, зордуктоодон жабыр тарткандардын 88% чейинкиси ушундай убактылуу кыймылдабай катып калууну баштарынан өткөрүшөт –

[10] Катып калуу (латын тилинен stupor – катып калуу, эч нерсени сезбей калуу) – психиатрияда кыймылдаткычтардын жабыркоосунун бир түрү, ачууланууга, анын ичинде дене боюн оорутууларга карата алсыз реакция менен коштолгон толук түрдө кыймылда албай калуу.

кыймылдай алышпайт, кыйкыра алышпайт[11]. Кол салууга кабылган аялдардын жана балдардын анча чоң эмес бөлүгүндө «күрөшүү инстинкти» иштеп кетет, мындай учурда адреналин бөлүп чыгаруу жүрөт жана организмдин ресурстары катуу каршылык көрсөтүүгө же качууга багытталат. Балдар жаш курактарына байланыштуу чоң адамдарга каршы тура алышпайт жана көп учурда каршылык көрсөтө алышпайт. Муну менен катар Кыргыз Республикасында ар бир бешинчи зордуктоо кыздарга каршы жасалат[12].

Реакция кылуунун башка тиби «тирүү калууга концентрациялануу» болуусу мүмкүн. Өзүн өзү сактоо инстинкти жабыр тарткан адамды окуя өткөндөн кийин кызык адамдай жана аң сезимдүү ойлонууга карама-каршы коё тургандай кадамга түртүүсү мүмкүн. Демек, мисалы, жабыр тарткан адам зомбулук жасаган адамдын бардык буйруктарын эч каршылык көрсөтүүсүз аткаруусу жана ага зомбулук жасоого жардам берүүсү мүмкүн. Бирок мындай жүрүм-турум эч качан жабыр тарткан адам макул болгон же зомбулук жасаган адам ага карата кылган нерселерге макул болгон дегенди түшүндүрбөйт.

Кыргыз аял-сотторунун ассоциациясы тарабынан жүргүзүлгөн изилдөө[13] соттор жана тергөөчүлөр практикада жабыр тарткан адамдардын жүрүм-турумдарынын мындай аспектилерине көпчүлүк учурда кайдыгер мамиле кылышарын көрсөттү, жыйынтыгында көк ала тактардын, дене боюндагы жаракаттардын, тытылган кийимдердин жоктугу жабыр тарткан адамдын макулдугу катары каралып жатат.

Гендердик зомбулукка кабылгандардын реакциялары ар кандай болуусу мүмкүн, анын ичинде мындай дагы:

| | |
|---|---|
| **ЭКСПРЕССИВДИК РЕАКЦИЯ** | Жабыр тарткан аял нерви козголуу, ачуулануу, коркуу, тынчсыздануу сыяктуу эмоцияларды ачык көрсөтөт. Ал ыйлашы, урушуусу, кыйкыруусу, каткырып күлүүсү, ал тургай кыткылыктап күлүүсү мүмкүн — жаракатка кабылгандан кийинки абалда мунун баары абсолюттуу түрдө нормалдуу болуп саналат; |
| **КӨЗӨМӨЛДӨНҮҮЧҮ РЕАКЦИЯ** | Жабыр тарткан аял сыртынан өзүн токтоо, тынч жана карманган жыйнактуу абалда кармап жашырып көрсөтөт же өзү эмнени сезип жаткандыгын жашырат, өзүн эч нерсе болбогондой же баары жакшы эледей алып жүрөт. Ал тынч, алыстап олтура берет жана ичиндеги коркуу, өзүн өтө жаман сезген абалды, ачуусун жана тынчсызданыусун жашырып, четте олтурат жана суроолорго логикалуу жооп берет; |

[11] Булак: Heidt, J.M., Marx, B.P., & Forsyth, J.P. (2005) Tonic immobility and childhood sexual abuse: Evaluating the sequela of rape-induced paralysis. Behaviour Research and Therapy,43,1157–1171) https://vk.com/topic-135447347_36573815

[12] Кыргыз Республикасындагы Укук бузуулар жана укук тартиби, статистикалык жыйнак, Бишкек, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети, 2019 – 143 бет.

[13] Кыргыз Республикасында аялдарга жана кыздарга карата кылмыштар боюнча сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүү жөнүндө отчет. (2012 – 2015-ж.). Кыргыз аял-сотторунун ассоциациясы, 2017, 107-бет.

| | |
|---|---|
| **ДЕЗОРИЕНТАЦИЯ** | Аң сезимдеги чаташуу байкалат. Жабыр тарткан адам эч бир нерсеге оюн топтой албайт, кунт коюп көңүл бура албайт, ал тургай анча маанилүү эмес чечимдерди кабыл ала албаган абалда болот. Мындай учурларда жабыр тарткан адам болуп өткөн окуянын урунттуу учурларын жана ырааттуулугун начар эстеп калган болот, чаташтыра берет жана фактыларды каталарды кетирип айтып берет. |

Бир гана ушул жогоруда аталып өткөн факторлорду эмес, ошондой эле бир катар башка факторлордо, суракка алууда же болбосо гендердик зомбулукту башынан өткөргөн аял менен бардык өз ара аракеттенишүүлөрдө дене бойлук жана психологиялык абалынын өзгөчөлүктөрүн билүү жана эске алуу зарыл.

Жогоруда белгиленип өткөн изилдөө көрсөткөндөй, жабыр тарткан адамдар ички иштер органдарына кабылган зомбулук фактылары тууралуу арыздары менен кайрылышпайт[14]. Бул алар кысымга алуу жана басмырлоого кабылган учурлар аз эмес экендиги менен байланыштуу. Аялды ички иштер органдарына кайрылуудан кетенчиктеткен (артка тарткан) башкы фактор тааныштар/жакындар зомбулук тууралуу билип калышат жана андан алыстап кетишет деген уялуу жана коркуу сезими болуп эсептелет. Жабыр тарткан адамдарды ошондой эле зомбулук жасаган адам дагы коркутуп коюшу мүмкүн, аларды өзүнүн жана өзүнө жакын адамдардын өмүрүнүн коопсуздугу тынчсыздандырат.

Мисалы, гендердик зомбулуктун никеге туруу үчүн уурдоо сыяктуу формасынан жабыр тарткан көптөгөн кыздар укук тартиби органдарына кайрылышпайт. Алар көпчүлүк учурда кыз уурдап кеткен адамга баш ийүүсү жана күйөөгө чыгуусу керек деп эсептеген коомдук пикирге каршы чыгууну каалашпайт. Ата-энелеринин кысым көрсөтүүсү астында диний никеге турган кыздар дагы укук коргоо органдарына кайрылышпайт, себеби алар ата-энелеринин буга байланыштуу көйгөйгө кабылуусун каалашпайт же өздөрүнүн укуктары бузулуп жатканын билишпейт.

Айрым жабыр тарткан адамдар болсо, зомбулуктун күбөлөрү жок болгондуктан өздөрүнүкү туура экендигин далилдей ала тургандыктарына ишенишпейт. Бул укуктук билимдеринин жетишсиздиги, өзүнүн күчүнө ишенбөө, материалдык жактан көз карандуулук, укук коргоо органдарына ишенбөө — мына ушул бир катар негизги себептерден улам гендердик кылмыштар аныкталбаган бойдон, көпчүлүк учурда латенттүү боюнча калтырууда[15].

Мына ошондуктан, болуп өткөн гендердик зомбулук фактылары тууралуу белгилүү болгон окуяларда, укук коргоо органдарына кайрылган биринчи мүнөттөрдөн баштап, гендердик зомбулукту башынан өткөргөндөр менен өз ара аракеттенишүү процессинде бардык стандарттык операциондук процедуралардын сакталуусу абдан маанилүү. Буларды сактоо укук коргоо органдарына ишенүү сезимин гана жогорулатпастан, ошондой эле башкалар үчүн үлгү катары кызмат аткарат, ал эми натыйжалуу

[14] Ошол жерде.

[15] Ошол жерде. 8-бет

иликтөө, айыпкерлерди аныктоо жана жазадан кутулбастыкты камсыз кылуу коомдогу гендердик зомбулукту төмөндөтүүгө орчундуу таасирин тийгизет.

## 2.4. Стандарттык операциондук процедуралар сотко чейинки өндүрүш процессинде жана сотто кароо стадиясында

Ыйгарым укуктуу оперкызматкерлери ИИОнун башка бардык кызматкерлери сыяктуу эле стандарттык операциондук процедуралар сотко чейинки өндүрүш процесси үчүн дагы, ошондой эле сот адилеттигине жөнөтүү стадиясы үчүн дагы иштелип чыккандыгын билүүлөрү маанилүү. Муну менен катар эле өтө маанилүү талап — гендердик зомбулукту иликтөө өз убагында башталуусу жана кесипкөйлүк деңгээлде жүргүзүлүүсү, далилдөөнүн жана тергөөнүн талаптарына жооп берүүсү, шектүүнү аныктоо жана кармоо үчүн атайын тергөө аракеттеринин алкагында ыкчам-издөө иш-чаралары толук кандуу колдонулуусу болуп эсептелет.

Стандарттарда гендердик зомбулукка байланыштуу кылмыштарды иликтөөдө зарыл материалдык шарттар менен, тактап айтканда суракка алуу үчүн адистештирилген атайын жайлар менен камсыз кылуу зарыл экендиги караштырылган.

Адистештирилген жай суракка алууну жүргүзүү үчүн кирүүчү тарабы эки башка тарапта жайгаштырылган суракка алууну жүргүзүүчү бөлмөнү жана ага удаалаш обзордук бөлмөнү камтышы керек. Суракка алуучу бөлмөнүн жана обзордук бөлмөнүн ортосунда кылмышкерди таануу процедурасын жүргүзүү үчүн Гезелла күзгүсү орнотулат.

Мындан сырткары, жардамчы материалдар зарыл, анын ичинде балдарга карата гендердик зомбулукту иликтөө окуяларында дагы жардамчы материалдар зарыл. Жардамчы материалдар камтуусу мүмкүн:

— ар түрдүү жаш курактагы жана жыныстагы балдар үчүн оюнчуктар (пластикалык конструктор, машинелер, куурчактар ж.б.);

— сүрөт тартуу үчүн материалдар: карандаштар, фломастерлер, кагаз, сүрөттөрүн боёчу китепчелер;

— үй-бүлөнү түшүндүргөн адамдардын же жаныбарлардын фигуралары (балдар, ата-энелер, чоң ата-чоң энелер);

— анатомиялык куурчактар, анатомиялык сүрөттөр.

Суракка алуу бөлмөсүндө суунун, бет аарчынын болуусу туура жакшы, ошондой эле жардам берүү ресурстары тууралуу маалыматтык материалдардын бар болуусу сунушталат.

Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө базалык кызматтарды көрсөтүү боюнча стандарттык операциондук процедуралар мамлекеттин иликтөө жана соттук тергөөнү де-

милгелөө үчүн негизги жоопкерчиликти өз моюнуна алуу милдетин чагылдырат жана процедураларды колдонууда өз убагында аткаруу, жеткиликтүүлүк жана жөнөкөйлүк абдан баалуу экендигин баса белгилейт. Алар ошондой эле гендердик зомбулукка кабылгандардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана маалыматтык макулдуктун негизинде негиздүү чечимдерди кабыл алууга багытталган.

**Маалыматтык макулдук деген эмне?**

Маалыматтык макулдук зомбулукка кабылган аялга тиешелүү бардык жасалуучу аракеттер тууралуу анын өзүнө маалымат берилгенден кийин жана ал аң сезимдүү түрдө макулдук бергенден кийин ишке ашырылуусу зарыл дегенди түшүндүрөт.

**Конфиденциалдуулук**

Зомбулуктан жабыр тарткан аял аны уга тургандыктарына гана ишенимдүү болбостон, ошондой эле анын жеке жашоосунун конфиденциалдуулугу камсыз боло тургандыгына дагы ишенүүсү зарыл. Конфиденциалдуулуктун сакталуусу гендердик зомбулукка кабылгандар укуктук коргоо жана акыйкаттык издөө процессинде кабылуулары мүмкүн болгон тобокелчиликтерди төмөндөтүүгө жол ачат, ошондой эле укук тартибин сактоо жана сот адилеттиги системасы менен кызматташууга анын (аялдын) аң сезимдүү чечим кабыл алуусуна шык-дем берүүсү мүмкүн.

**Ак ниеттүү маанайды түзүү**

Стандарттык операциондук процедуралар сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө жана сот процессинде зомбулуктан жабыр тарткан аялдар өздөрүн коопсуздукта сезүүлөрү, өздөрү кабылган окуяны айтып берүүлөрү үчүн аларга карата ак ниеттүү маанайдын, кырдаалдын түзүлүүсүн талап кылат. Процедуралар кайрадан виктимизациялоого алып келбеши керек жана соттук далилдер басмырлоого жол бербей тургандай жагдайда өткөрүлүүсү зарыл.

**Коргоонун жана келтирилген зыянды калыбына келтирүүнүн натыйжалуу каражаттары**

Укук тартибин жана сот адилеттигин коргоо чөйрөсүндө базалык кызматтарды көрсөтүү боюнча стандарттык операциондук процедуралар айыпкерлерди жоопко тартуу үчүн комплекстүү юридикалык баа берүүнү ишке ашырууну талап кылат. Жана жалгыз гана бул эмес, алар ошондой эле, жабыр тарткан адамдарга келтирилген зыяндарды же алар тарткан чыгымдарды калыбына келтирүү үчүн, жабыр тарткан адамдарды адилеттүү жана натыйжалуу укуктук коргоо каражаттары менен камсыз кылуу үчүн дагы комплекстүү юридикалык баа берүүнү ишке ашырууну талап кылат.

**Оңдоп-түзөө программалары жана рецидивдерге жол бербөө**

Стандарттык операциондук процедуралар мамлекеттерди кылмыштардын кайталанып жасалуусунун алдын алуу негизги милдети болуп эсептелген оңдоп-түзөөчү,

реинтеграциялоочу/ реабилитациялоочу натыйжалуу программаларды иштеп чыгууга жана баалоого чакырат. Укук тартибин жана сот адилеттигин сактоо системасы түшүндүрүү иштерин жүргүзүү аркылуу дагы, ошондой эле кылмышкерлерди кайра тарбиялоого жана рецидивдердин санын төмөндөтүүгө салым кошуу менен дагы зомбулукту токтотууга салымын кошо алуусу мүмкүн жана ушул жаатта маанилүү роль ойноосу керек.

**Координациялоонун жана өз ара аракеттенишүүнүн маанилүүлүгү**

Координациялоо жана өз ара аракеттенишүү ар бир чөйрө үчүн, анын ичинде гендердик зомбулукка кабылган аялдарга базалык кызматтарды көрсөткөн ар башка чөйрөлөрдүн ортосунда ачык стандарттык операциондук процедураларды караштырат. Алардын укуктарын сактоо үчүн координациялоо жана өз ара аракеттенишүү деген, бардык чөйрөдө бирдей, анын ичинде укук тартибин сактоо жана сот адилеттиги чөйрөсүндө дагы анын абалын түшүнүү менен кабыл алышат, укуктарын сакташат жана кесипкөйлүк менен жооп беришет дегенди түшүндүрөт.

## 2.5. Гендердик зомбулукка кабылган балдарга базалык кызматтарды көрсөтүү боюнча стандарттык операциондук процедуралардын өзгөчөлүктөрү

Гендердик зомбулукту башынан өткөргөн балдарга карата универсалдуу ыкмалар төмөнкү принциптерге негизделет[16]:

**Баланын эң мыкты укуктарын камсыз кылуу.** Балдарга карата бардык аракеттерде баланын эң мыкты кызыкчылыктарын коргоо, анын ичинде ажыратуунун, кыянатчылык менен пайдалануунун же камкордуктун жоктугунун бардык түрлөрүнөн коргоо менен камсыз кылууга бурулат.

**Жаш курагы** баланын сот адилеттиги процессине толук кандуу катышуу укугун ишке ашырууга **тоскоолдук кылбоосу керек**. Эгерде баланын жаш курагы жана жетилүүсүнүн деңгээли сүйлөшүүнүн жардамчы каражаттарын жана жардам берүүнүн башка түрлөрүн колдонуу менен, же колдонбостон ага так жана ишенимге ээ болгон көрсөтмөлөрдү берүүгө жол берсе, ар бир балага мамиле кылуу аракетке жөндөмдүү, суракка алууга мүмкүн болгон жана бир гана жаш курагына байланыштуу себептерден улам көрсөтмөлөрү жараксыз же ишенимсиз деп эсептелбөөсү керек болгон күбөнү суракка алган сыяктуу болуусу зарыл.

Ар бир бала өз **көз караштарын**, ой-пикирин жана жеке өзүнүн сөздөрү үчүн коопсузданып (тынчсызданып) жатканын эркин билдирүүгө укуктуу, ата баланын жаш курагына жана жетилүүсүнө ылайык тиешелүү көңүл буруу керек.

[16] Жабыр тарткан балдарга карата эл аралык принциптер – БУУнун Баланын укуктары жөнүндө Конвенциясына (1989-ж.), жабыр тарткан балдардын жана кылмыштардын күбөлөрүнүн катышуусуна байланыштуу сот адилеттигине тиешелүү БУУнун Жетектөөчү принциптерине (2005-ж.) киргизилген.

Кылмыштардан жабыр тарткан балдар жана күбөлөр **алардын жашоосун** коргоону камсыз кылуу укугун биринчи кезектеги тартипте колдонуулары зарыл. Баланы коомчулуктун туура эмес көңүл буруусунан коргоо чараларын кабыл алуу керек.

Ар бир бала расалык жана этникалык тиешелүүлүгүнөн, терисинин өңүнөн, жынысынан, тилинен, дининен, саясий жана башка ишенимдеринен, улуттук, этникалык же социалдык келип чыгуусунан, мүлктүк абалынан, ден соолугунун абалынан, баланын төрөлгүүсүнөн же кандайдыр бир башка жагдайларынан көз карандысыз түрдө **адилеттүү жана тең укуктуу** мамилеге ээ болууга укуктуу.

Атайын тергөө аракеттеринин алкагында суракка алуу жана башка ыкчам-издөө иш-чаралары, функционалдык милдеттерине балдарга карата кылмыштарды аныктоо жана ачуу бекитилген ыкчам ыйгарым укуктуу кызматкерлер тарабынан балага сый мамиле кылуу жана анын кызыкчылыктарын ар тараптуу өздөштүрүүнү эске алуу менен жүргүзүлүшү керек.

жана анын кызыкчылыктарын ар тараптуу өздөштүрүүнү эске алуу менен жүргүзүлүшү керек.

Бардык аракеттер баланын кызыкчылыктарын эске алуунун негизинде, **баланын өзгөчө муктаждыктарына жооп берген жагымдуу шарттарда** жана баланын процесске катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн ал колдонгон жана түшүнгөн тилди колдонуу менен жүргүзүлүүсү зарыл.

Зомбулуктан жабыр тарткан балдар жана күбөлөр, алардын ата-энелери же камкорчулары сот адилеттигине жөнөтүү процесси менен биринчи жолу байланышкан учурдан баштап жана процесстин бардык учурунда өзүнүн укуктары тууралуутиешелүү **маалыматтарды** кечиктирилгис түрдө алуулары керек.

Мүмкүн болгон бардык учурларда **баланы бир жолу гана суракка алуу зарыл**. Адистер баланы суракка алуунун санын чектөө, көрсөтмөлөр үчүн видео жаздырууларды колдонуу, беттешүүлөрдөн баш тартуу сыяктуу **баланын сот адилеттигине жөнөтүү процесси менен байланышуусун чектөө** үчүн чараларды көрүүлөрү зарыл.

Зомбулуктан жабыр тарткан балдар жана күбөлөр үчүн мисалы каржылык, юридикалык, консультациялык, медициналык, социалдык жана педагогикалык кызмат көрсөтүүлөр, дене бойлук жана психологиялык калыбына келтирүү ж.б. сыяктуу баланы реинтеграциялоочу зарыл **жардамдар жана жардамчы кызматтар жеткиликтүү болуусу зарыл**.

## 2.6. Басмырлоонун көптөгөн формаларына кабылган аялдарды жана балдарды суракка алуунун өзгөчөлүктөрү

**Көп түрдүү басмырлоо** — бул бир адамды бир нече белгилер боюнча дароо басмырлоо. Көптөгөн басмырлоо орун алган учур деп жыныстык белгиси боюнча

басмырлоо бир катар башка белгилери боюнча басмырлоочу мамилелер менен коштолуусун айтсак болот, бул индивиддин кайсы бир өзгөчөлүгү (бир нече өзгөчөлүгү) белгиленген укугун бузулушунун «капкан» болуп калган учур.

**Мындай абалга көп кабылышат:**

— ата-энелердин көзөмөлүсүз калган балдар/балдар үйлөрүндөгү балдар;

— мыйзам менен чатагы бар балдар;

— кош бойлуу аялдар;

— кызмат көрсөтүүлөр үзгүлтүксүз түрдө жеткиликтүү болуп туруусун талап кылган өнөкөт оорулар менен жабыр тарткан адамдар, анын ичинде айыкпаган/ психикалык оорулардан жабыр тарткан адамдар;

— майыптыгы бар же өнүгүүсү өзгөчө адамдар;

— соттолгондор/эркиндигинен ажыратуу жайларынан бошонгондор;

— качкындар, мигранттар, карылар үйлөрүндөгүлөр.

Аярлуу топторго тиешелүү аялдар жана балдар үчүн гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартып калуу коркунучу көбүрөөк жогору. Муну менен катар эле аярлуу топтордогу аялдар жана балдар бир эле убакта зомбулуктун бир нече түрлөрүнө кабылып калуулары мүмкүн (зомбулуктун кайчылаш формаларына). Өзгөчө зомбулуктун кайчылаш формаларына аялдардын кийинки топтору көбүрөөк кабылышат: азчылыктарга тиешелүү аялдар; аял качкындар; жашоо каражаттарынан ажыратылган аялдар; жабык мекемелердеги жана камактагы аялдар; майыптыгы бар аялдар; баңги затын колдонгон аялдар; улгайган аялдар; алыскы райондордо жашаган аялдар; ЛГБТ+өкүлдөрү[17].

Зомбулуктун кайчылаш формаларына кабылган аялдар жана балдар зомбулук тууралуу даттанууларды өткөрүшкөндө милиция, прокурорлор жана соттор тарабынан жеткиликсиздик, ишенбөөчүлүк жана даттанууларды милиция, прокурорлор жана соттор тарабынан четке кагуу сыяктуу кошумча тоскоолдуктарга кабылуулары мүмкүн.

Бул жагдайды эске алуу менен, төмөндө адам укуктарын камсыз кылуу жана бир нече мисалдар боюнча топтоштурулган басмырлоонун бардык формаларына жол бербөө сыяктуу милдеттерге таптакыр каршы келген мындай мамилелерди четтетүүгө багытталган сунуштамалар келтирилди.

1-таблицада ден соолугунун жабыркоосунун деңгээлинен көз карандылуу түрдө майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнүн айрым өзгөчөлүктөрү келтирилген

[17] Белги +иденттүүлүктүн тизмеси чектелүү эмес экендигинен белги берет.

**1-таблица.** Зомбулуктан жабыр тарткан майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнүн жана байланышуунун өзгөчөлүктөрү

| БУЗУЛУУНУН ТҮРЛӨРҮ | АҢГЕМЕЛЕШҮҮ ҮЧҮН СУНУШТАМАЛАР |
|---|---|
| **Таяныч кыймыл аппаратынын мүмкүнчүлүктөрү чектелген учурда**<br> | — Сүйлөшүп жаткан учурда майыптыгы бар адам менен бирдей деңгээлде олтургула, мисалы, коляскадагы адамды башын нары-бери бурдуруп убара кылбоо үчүн жанына үстөл коюп олтургула.<br>— Уруксаты жок балдактарды, таяктарды, ичке таяктарды же майыптар үчүн креслону нары-бери жылдырбагыла.<br>— Майыптар үчүн араба (коляска) – бул адамдын кол тийбес жеке чектеринин бир бөлүгү. Арабага (коляскага) жөлөнбөгүлө. Арабаны нары-бери жылдырууга жардам берүүдөн мурун, жардам керекпи деп сунуш кылуу зарыл |
| **Угууга тиешелүү көйгөйлөр**<br> | — Өзүңөрдүн райондогу сурдокотормочулардын тизмеси силерде бар болсун.<br>— Угуусу начар адамга ыңгайлуу болгондой жайгашуу зарыл, мисалы, жеке угууну күчтөндүргүчү каражат тарабынан.<br>— Сүйлөшүүнүн башында кызмат көрсөтүүлөрдүн угуусу начар колдонуучусу силерге көңүл буруп жатабы карап көңүл буруп койгула.<br>— Эгер кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу силердин жүзүңөр тарапты карабаса, өтө кылдаттык менен анын ийинине колуңарды койгула.<br>— Кыйкырбагыла жана үнүңөрдү бийик чыгарбагыла. Кызмат көрсөтүүнү колдонуучусуна түз карагыла жана оозуңарды колуңар менен жаппагыла. Силерди түшүнүп жатабы көңүл буруп койгула.<br>— Адам үчүн ыңгайлуу сүйлөшүүнүн жолун болушунча тезирээк аныктагыла жана белгилегиле.<br>— Кыска жана жөнөкөй фразаларды колдонгула, сүйлөп жатканда атайын терминдерди жана сүйлөмдөрдөгү татаал конструкцияларды колдонбогула.<br>— Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу эриндериңер аркылуу окуй алгыдай кылып, жай жана так сүйлөгүлө.<br>— Сурдокотормочуларды чакырууга мүмкүнчүлүгүңөр болсун. |

| БУЗУЛУУНУН ТҮРЛӨРҮ | АҢГЕМЕЛЕШҮҮ ҮЧҮН СУНУШТАМАЛАР |
|---|---|
| **Көрүүгө тиешелүү көйгөйлөр**<br> | — Көзү азиз адамга сөзсүз түрдө өзүңөрдүн аты-жөнүңөрдү айтышыңар зарыл, сүйлөшүүгө катыша турган башка адамдарды, ошондой эле ал жерде турган башка адамдарды дагы тааныштыруу керек (зарылчылык бар болсо, бир гана аттарын атап койбостон, алардын иштеген кызматтарын дагы айтуу зарыл).<br>— Көзү азиз адамга олтурууну сунуштаганда, аны колунан кармап, олтургучтун жөлөнгүчүнө же чыканагынан жөлөп олтурууга жардам берүү зарыл.<br>— Сүйлөшүп жатканда коштоп келген адамга эмес, кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусунун өзүнө карап кайрылгыла. Эгер сүйлөшүүгө бир нече адам катышып жатса, азыр кимге кайрылып жатканыңарды улам тактап турганды жана өзүңөрдүн атыңарды атап турганды унутпагыла.<br>— Эскертүүсүз адамга жакындабагыла.<br>— Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу сизди таптакыр көргөн жок деп ойлобоңуз.<br>— Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусунун таягын же нары-бери жүрүүнүн башка каражатын алып салбагыла.<br>— Зарыл маалыматты даярдап койгула, мисалы чоң тамгалар менен басылып чыгарылган, аудиоформаттагы же Брайля форматындагы укуктар жана жардам берүү кызматтары жөнүндө маалыматтарды.<br>— Зарылчылык бар болсо, көзү азиз адамга бир нерсени окуп берүү, үндүн бийиктигин нормалдуу кылып сүйлөө жана маалыматты коё бербөө зарыл. |
| **Сүйлөөгө тиешелүү көйгөйлөр**<br> | — Эгер адамда сүйлөөгө байланыштуу көйгөйлөр бар болсо, бул анын угуусунда дагы көйгөйлөр бар дегенди түшүндүрбөйт.<br>— Сүйлөөдө кыйынчылыктарды сезген адамдын сөзүн бөлбөө жана оңдобоо керек.<br>— Шаштырбагыла, адамга өзүнүн көйгөйүн түшүндүрүү үчүн канча убакыт зарыл болсо, ошончо убакыт бергиле.<br>— Ал өз оюн толук айтып бүткөндөн кийин гана сүйлөп баштагыла. |

| **БУЗУЛУУНУН ТҮРЛӨРҮ** | **АҢГЕМЕЛЕШҮҮ ҮЧҮН СУНУШТАМАЛАР** |
|---|---|
| **Сүйлөөгө тиешелүү көйгөйлөр**<br> | — Эгер силер бир нерсени түшүнбөй калсаңар, ал адамдан кайра кайталап коюусун сурангыла.<br>— Суроолорду кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу «ооба» же «жок» деп жооп бере тургандай кылып түзгүлө.<br>— Тилдик коммуникацияда олуттуу тоскоолдуктар бар болсо, маалымат алмашуунун альтернативдүү жолун кылдаттык менен сунуштагыла, мисалы, жазышууну. |
| **Интеллектуалдык мүчүлүштүктөр**<br> | — Когнитивдик (интеллектуалдык) мүчүлүштүктөрү бар адам менен өз ара аракеттенишүүдө визуалдык байланышууну колдонуу аркылуу анын жүзүнө кароо зарыл. Муну менен катар эгерде ага жагымсыз болуп жатса, көзмө көз байланышууну сактоону сурануу сунушталбайт.<br>— Интеллектуалдык мүчүлүштүктөрү бар адамдын катышуусундагы сүйлөшүүдө ал жөнүндө үчүнчү тарапка эч нерсе деп айтууга, анын ичинде ал башка адамдардын ортосундагы сүйлөшүүнү түшүнбөгөндүгү жөнүндө эскертүүгө жол берилбейт.<br>— Жөнөкөй сөздөрдү жана кыска сүйлөмдөрдү колдонгула.<br>— Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу жеңил түшүнүүсүнө жардам берүү үчүн сүйлөшүүнүн ар түрдүү куралдарын колдонуп маанилүү маалыматты жана нускамаларды кайталагыла (мисалы, анатомиялык моделдерди же куурчактарды);<br>— Эсиңерден чыгарбагыла, интеллектуалдык өнүгүүсүндө мүчүлүштүктөрү бар, бирок кыймыл-аракетинин жөндөмдүүлүгү сакталган адамдар өздөрү аң-сезимдүү тандоо жасоого укуктуу: жардамды кабыл алуу керекпи же жокпу, кандайдыр бир кызмат көрсөтүүдөн колдонууга макулдук берүү керекпи, башка чечимдерди кабыл алууда, ошондой эле зарыл документтерге кол коюуда.<br>— Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусуна кошумча суроолор пайда болуп калган учурда байланышуу үчүн телефон номурду таштагыла же кызмат көрсөтүүнүн жеткирүүчүсүнө кайрадан кайрылуунун жолун айтып койгула.<br>— Чыдамкайлыкты, кылдаттыкты, сүйлөшүп жаткан адамга кылдат мамиле кылып жатканыңарды көрсөтүүңөр керек, бардык зарыл темаларды талкуулап, жана дагы билип туруп анын мүмкүнчүлүктөрүн же кадыр-баркын төмөндөтүүгө аракет кылбагыла, бой көтөрүп сүйлөбөгүлө, сөздү кесе сүйлөгөнгө негиз бар болсо дагы буга жол бербегиле. |

Майыптыгы бар аялдарга жана балдарга кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүүдө туура терминдерди жана сөздөрдү колдонуу абдан маанилүү, 2-таблицада колдонууга жол берилүүчү жана жол берилбей турган сөздөр келтирилген.

**2-таблица.** Майыптыгы бар адамдарга карата түздөөчү терминдерди колдонуу

| ТУУРА ЭМЕС ТЕРМИН | ТУУРА ТЕРМИН |
|---|---|
| Майып | Майыптыгы бар эркек адам/ майыптыгы бар аял/ майыптыгы бар бала/ майыптыгы бар адамдар |
| БЦШ адам;<br>БЦШ менен ооруган адам | БЦШ бар адам/ аял/ эркек/ бала |
| Даун.<br>Даун оорусу менен ооруган адам | Даун синдрому менен жашаган аял/ эркек/ бала.<br>Даун синдрому бар аял/эркек/бала/адам.<br>Өнүгүүсү өзгөчө бала. |
| Дүлөй-дудуктар | Угуусун жоготкон адам/аял/эркек/бала.<br>Угуусу начар адамдар. |
| Арабада (коляскада) олтургандар | Араба колдонгон адам/аял/эркек/бала. |

3-таблицада ВИЧ-позитивдүү макамдгы жана ЛГБТ+ өкүлдөрү менен сүйлөшүүнү жакшыртууга жардам бере турган түздөөчү терминдер келтирилген.

**3-таблица.** ВИЧ-позитивдүү адамдар жана ЛГБТ+ карата түздөөчү терминдерди колдонуу

| ТУУРА ЭМЕС ТЕРМИН | ТУУРА ТЕРМИН |
|---|---|
| ВИЧ ооругандар;<br>ЖИЖС (СПИД) жуктургандар. | ВИЧ макамы позитивдүү адам;<br>ВИЧ менен жашаган адамдар. |
| Салттык эмес багыттагы адамдар.<br>Секс-азчылыктар. | Гомосексуалдык адамдар/ гейлер/ бисексуалдыкадамдар/ бисексуалдар<br>(аял/эркек)/ лесбияндар/ квир-адамдар |
| Гомосексуализм / гомосексуалисттер | Гомосексуалдар/ гомосексуалдык адамдар |
| Аял болуп алган эркек/ эркек болуп алган аял | Трансгендер аял/<br>трансгендер эркек/ |

# Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси


1. Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси, 2017-жылдын 2-февралы, №19.
2. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси, 2017-жылдын 2-февралы, №20.
3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2021-жылдын 22-июлунда кабыл алынган Жазык жана жазык-процесстик кодекстери.
4. Кыргыз Республикасынын «Ыкчам-издөө ишмердүүлүгү жөнүндө» Мыйзамы, 1998-жыл, 16-октябрь, №131.
5. Зомбулукка кабылган аялдар жана кыздар үчүн базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтому. Бул шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://eeca.unfpa.org/sites/default/files/pubpdf/%D0%9C%D0%BE%D0%B4%D1%83%D0%BB%D1%8C_Total.pdf
6. «Аялдардын укуктарын гендердик зомбулуктардан сактоо чөйрөсүндөгү укук коргоо органдарынын жана сот органдарынын ишмердүүлүгү» онлайн-курсу (https://crdp.asia/study).
7. «Зомбулукка кабылган аялдар жана кыздар үчүн базалык кызмат көрсөтүүлөр» онлайн-курсу (https://courses.crdp.asia/).
8. «Handbook on gender-responsive police services for women and girls subject to violence» (UN Women, UNODC and the International Association of Women Police (IAWP), 2021).
9. «Strengthening Crime Prevention and Criminal Justice Responses to Violence against Women» (UN, 2014).

# Тиркеме. Аялдар жана балдар үчүн кризистик борборлордун даректери жана байланышуу түйүндөрү

| Аймагы | Аталышы | Көрсөтүлүүчү кызматтардын түрлөрү | Дареги | Телефондору |
|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | Кыргызстандын кризистик борборлордун ассоциациясы | Психологдун, юристтин консультациялары | Бишкек ш., Чуй көч., 207-үй, 503-болмо | (0509) 91-10-00 |
| | Бишкек шаарындагы «Аялзат» муниципалдык кризистик борбору | Психологдун, юристтин консультациялары, коопсуз жай | Бишкек ш., Интергельпо көч., 8-үй | (0312) 65-37-42; (0550) 51-64-51 |
| | «Милосердие» кризистик борбору | Психологдун, юристтин консультациялары | Бишкек ш., Трудовая көч., 10-үй | (0312) 64-48-71 |
| | «Сезим» кризистик борбору | Психологдун, юристтин консультациялары, коопсуз жай | Бишкек ш., Табышалиев көч., 3-үй | (0312) 51-26-40 |
| | «Шанс» кризистик борбору | Психологдун, юристтин консультациялары, коопсуз жай | Бишкек ш., Чүй көч. 207-үй, 5-этаж, 509-бөлмө | (0312) 43-53-01; (0312) 61-32-27 |
| | Бишкек шаарындагы зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен жабыр тарткан балдарга жардам берүү борбору | Психологдун, юристтин консультациялары, коопсуз жай | Бишкек ш., Карасаев көч., 73-үй (1-этаж) | (0312) 44-25-10; (0312) 54-29-34 |
| Ош шаары | «Ак-Жүрөк» кризистик борбору | Психологдун, юристтин консультациялары, коопсуз жай | Ош ш., Ленин көч., 205-үй | (0550) 23-13-29; (0779) 23-19-29 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | "Аруулан" ("Аялзат") кризистик борбору | Психологдун, юристтин консультациялары, коопсуз жай | | (03222) 5-56-08 |
| Жалал-Абад обл. | «Каниет» реабилитациялык борбору | Психологдун, юристтин консультациялары | Жалал-Абад ш., Исакулов көч., 3-үй | (3722) 2-23-03; (0774) 84-52-27 |
| Ысык-Көл обл. | «Мээрман» кризистик борбору | Психологдун, юристтин консультациялары | Каракол ш., Торговая көч., 11-үй | (03922) 5-04-54; (0706) 38-36-37 |
| Талас обл. | «Маана» кризистик борбору | Психологдун, юристтин консультациялары, коопсуз жай | Талас ш., Тагайбаева көч., 247/2-үй | (03422) 5-58-85; (0557) 48-47-13 |
| Нарын обл. | «Тендеш» кризистик борбору | Психологдун, юристтин консультациялары | Нарын ш., Кыргыз көч., 31-үй, 3-бат. | (03522) 5-03-70; (0708) 74-72-74 |
| Баткен обл. | «Жаныл мырза» («Өмүр Булагы») кризистик борбору | Психологдун, юристтин консультациялары | Баткен ш., Сыдыков көч., 3-үй | (0777) 39-30-77 |